ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР
АКАДЕМИЯСЫНЫН МАНАС ТААНУУ
ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТТЫН УЛУТТУК БОРБОРУ

Ведомстволор аралык диссертациялык кеңеш
Д.10.07.341

Кол жазма укугунда
УДК 894.341 (575.2) (043.3)

Жаңыбаева Майрамкүл Абыкеевна

# КЕҢЕШБЕК АСАНАЛИЕВ – АДАБИЯТ ТЕОРЕТИГИ ЖАНА СЫНЧЫСЫ

Адистиги 10.01.01. – кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**авторефераты**

Бишкек 2008

Диссертациялык иш Манас таануу жана көркөм маданияттын Улуттук борборунда аткарылган.

**Илимий жетекчи**: филология илимдеринин доктору, профессор **А. Садыков**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору **Ж.К. Бакашова**

филология илимдеринин кандидаты, доцент **С. Карымшаков**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, кыргыз адабияты кафедрасы (Бишкек шаары, Т.Саманчин көчөсү 10 а).

Диссертация 2008-жылы «29» декабрда саат «14-00» Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетине караштуу түзүлгөн (тең уюштуруучу КР УИАнын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору) филология илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын ыйгаруучу Д.10.07.341 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

**Дареги:** 720071, Бишкек шаары, Манас проспектиси 101.

Диссертация менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2008-жылдын «_____ » ______________________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин катчысы,
филология илимдеринин кандидаты, доцент **Н. Сыдыков**



## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

**Теманын актуалдуулугу.** К.Асаналиев – кыргыз элинин залкар адабиятчысы жана сынчысы. Анын эмгектерин «таза илимий» жана «нагыз» сын деп бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берген материалдар арбын. Бирок, биз аны ажырымдап изилдебей, бир медалдын эки бети катарында бирдикте кароону туура көрдүк, анткени, К.Асаналиев жараткан илимий жана сын дүйнөсүндө өз ара тутумдашып, бир бүтүн катарында каралган мисалдары да көп.

Кийинки кездерге чейин кыргыз адабиятчылары менен сынчыларынын чыгармачылыгы илимий изилдөөнүн объектиси болбой келген. Мунун объективдүү жана субъективдүү себептери бар. Биринчи жагдайдын маңызы мындай. Адабиятчынын милдети жазуучулардын чыгармачылыгын изилдөө, баалоо деп гана түшүнүп, алардын өздөрү да көркөм сөз ээлери, чыгармачыл адамдар экендигин эстен чыгарып коюу. Эмне үчүн «Эл жазуучусу» деген ардак наам адабиятчы, сынчылардын эч кимисине берилбей жүрүп, ага бир гана К.Асаналиев ээ болгондугу бул мыйзамченемдүүлүкпү же тагдырдын гана жазмышыбы? Ага бир мааниде жооп берүү да кыйын. Мында да ар түрдүү себептер болушу мүмкүн. Ал таланттуу окумуштуу жана сынчы катарында ардак наамга эчак эле арзыган. Бирок, сынчыны жазуучу катары эсепке албаган субъективдүү себептер ага тормоз болуп келген.

Мына эми адабиятчылар менен сынчылар да көркөм өнөрдүн ээси катары эсептелип, алгачкы диссертация корголду[1] К.Асаналиев жөнүндөгү илимий эмгекти ошол саамалыктын логикалык уландысы деп түшүнүү керек.

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу залкар адабиятчы жана сынчы К.Асаналиев тууралуу биринчи жолу кеңири илимий планда сөз жүрүп, анын адабий сынчылык мурасына объективдүү жана ар тараптуу баа берилгендиги менен аныкталат.

**Диссертациянын алдына коюлган максаты жана милдети.**

Диссертант төмөндөгүдөй маселелерди изилдеп чыгууну өз алдына максат кылып койду:

– К.Асаналиевдин изилдөөчүлүк жана сынчылык ишмердигинин башталышы, анын өзгөчөлүктөрү; чыгармачылыгынын тез жетилишине Ленинграддагы орус адабияты институтунун («Пушкин үйү») окумуштууларынын тийгизген таасири;

- алгачкы сын макалаларында чеберчилик маселесинин курч коюлуп, анын адабий халтурага каршы активдүү күрөш ачышы;

– совет доорунда жана ал кулагандан кийинки учурдагы социалисттик реализмге эки башка көз караштын келип чыгышынын объективдүү жана субъективдүү себептери;

[1] Карымшаков С. Качкынбай Артыкбаевдин адабий жана сынчылдык ишмердиги: фил. ил. канд…дисс. автореф. - Б : 2002

– көп жылдар бою талаш туудуруп келген Молдо Кылычтын чыгармачылыгына эки жактуу мамилеси;

– К.Асаналиевдин 70–80-жылдардагы чыгармачылыгы – анын профессионалдык жаңы бийиктиги. Адабиятчынын «Майдан» романын адилетсиз сындан коргоодо кошкон салымы.

– К.Асаналиев – атактуу айтматов таануучу. Анын чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөрүнүн жана сын макалаларынын адабий-эстетикалык мааниси;

– сын жана сынчылар жөнүндөгү көз карашы. Анын объективдүүлүгү жана чеберчилиги үчүн көргөн камкордуктары;

– постсоветтик мезгилдеги чыгармачылыгынын көп тармактуулугу, полемикалык багыттуулугу, масштабдуулугу;

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

– К.Асаналиевдин адабий мурастарынын баалуулугу;

– адабиятчы катары профессионализминин бийиктиги, изилдөөчүлүк багытынын ар тармактуулугу жана концептуалдуулугу, ой жүгүртүүсүнүн тереңдиги;

– сынчылык активдүүлүгү жана чеберчилиги;

– макалаларынын композициялык оригиналдуулугу жана мазмундук байлыгы.

– сынчылдык ишмердигиндеги айрым оош-кыйыштар.

**Эмгектин методологиялык негизи**

Диссертант өз изилдөөсүн жазууда илимий жана методологиялык негиз катары Ф.Энгельстин реализм теориясын, В.Г.Белинскийдин «Сын жөнүндө» деген макаласындагы теориялык жоболорду, анын Пушкин, Гоголь жана башка орус классиктеринин чыгармаларына берген талдоо принциптерин жетекчиликке алды.

Адабий сын жана адабият таануу жөнүндөгү В.И.Лениндин, М.Горькийдин, А.С.Бушминдин, Г.Ломидзенин жана башка совет доорундагы көрүнүктүү окумуштуулардын эмгектерин терең үйрөнүп, аларды адабий талдоолордо пайдаланды.

Кыргызстанда Т.Аскаров, К.Артыкбаев, А.Акматалиев, М.Борбугулов, К.Бобулов, К.Байжигитов, С.Байгазиев, С.Жигитов, К.Даутов, А.Садыков, Ш.Үмөталиев, Л.Үкүбаева, А.Эркебаев өңдүү адабиятчы-сынчылардын жараткан эмгектериндеги адабий-сынчылдык ойлору диссертацияны жазууда негизги таяныч булак катарында кызмат өтөдү.

**Диссертациянын апробациясы**

Эмгек Манастаануу жана көркөм маданияттын Улуттук борборунун бөлүмүндө жана Окумуштуулар Кеңешинде талкууланып, коргоого сунуш этилген.

Диссертация боюнча изилдөөчүнүн макаласы ар түрдүү журналдарда жана жыйнактарда жарык көргөн.

А.Садыков менен авторлошуп, «Кеңешбек Асаналиев» аттуу илимий очеркти жана библиографиялык көрсөткүчтү жарыялаган.



**Эмгектин практикалык мааниси**

Изденүүчүнүн жарыкка чыккан илимий изилдөөлөрү жогорку окуу жайларында окутулуп жүргөн «Кыргыз адабий сынынын тарыхы» курсунда жана К.Асаналиевдин чыгармачылыгы боюнча өтүлүүчү атайын курс жана семинарларда кошумча материал катары пайдаланылат.

**Диссертациянын структурасы**

Изилдөө 155 беттен турат. Ал киришүүгө жана үч главага ажыратылган: «Согуштан кийинки кыргыз адабий сынынын өнүгүш тенденциялары»; «К.Асаналиевдин адабиятчылык жана сынчылык ишмердигинин көп тармактуулугу»; «Постсоветтик мезгилдеги адабий-сынчылык көз караштары». Аягында корутунду жана пайдаланылган адабияттардын библиографиясы берилген.

**Иштин негизги мазмуну:**

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу аныкталып, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, коргоого коюлган жоболор белгиленип, эмгектин практикалык мааниси, методологиялык негизи көрсөтүлгөн.

**1-глава – «Согуштан кийинки кыргыз адабий сынынын өнүгүш тенденциялары»** – эки параграфка бөлүнүп, анда кыргыз адабий сынынын Ата Мекендик согуштан кийинки мезгилдеги өнүгүш тенденциялары тууралуу сөз жүрөт.

Биринчи параграф ***«Асаналиев адабият таануу жана сын майданына келген мезгилдеги тарыхый кырдаал»*** деп аталат.

К.Асаналиев techinституттун студенти, андан соң аспирант, илимий кызматкер болуп жүргөн кезде адабият майданында бир катар кыйчалыштуу оор учурлар өтүп жаткан эле. Ал согуштан кийинки мезгилде ВКП(б) БКнын идеологиялык маселелер боюнча кабыл алган токтомдоруна байланыштуу болчу. Аларда көркөм адабиятта жана музыка жаатында активдүү иштеп жүргөн А.Ахматова, М.Зощенко, В.Мураделли, Д.Шостакович сыяктуу чыгармачыл интеллигенциянын көрүнүктүү өкүлдөрү идеясыздык жолуна түшкөн жана формалисттер катары негизсиз айыпталган.

Мына ошол окуяларга байланыштуу ар кайсы республикаларда К.Асаналиев таамай мүнөздөгөндөй, «Ахматова менен Зощенколорду издей башташкан». Кыргызстанда Т.Саманчин, Т.Байжиев, З.Бектенов өңдүү абдан жигердүү эмгектенип жаткан адабиятчылардын жазгандарынан жок жерден кемчиликтер таап, алар басма сөз беттеринде катуу сынга алынып, түрмөгө отургузулган. Кыргызстан КП(б) БКнын аппаратында иштеген К.Орозалиев, К.Каракеевдердин жетекчилиги менен Ж.Самаганов баштаган «ур-токмокчулардын» тобу түзүлүп, анын составына П.Балтин, Г.Нуров, Ж.Бердибеков ж.б.лар кирген. Мына ушундай оор кырдаалга байланыштуу ошол тушта Кыргызстанды башкарып турган И.Раззаков менен Т.Кулатовдорду күнөөлөөгө болор беле? Бул суроого Кыргыз Эл жазуучусу М.Байжиев мындай жооп бериптир: «Кулатов – үчүнчү класс билими бар шахтер, И.Раззаков кыргыз тилин билбейт. Орус дет-

домунда өсүп, өз элинен ажырап калган адам. Алар «Манас» эмне экенин, Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтар ким экенин кайдан билсин! Албетте, бул объективдүү тарыхый шарт, мындан качып кутула албайсың. Кремлден келген буйрукка каршы чыксаң, башың кетет, аткарбасаң – ишиң кетет. Бирок, Сталин же Жданов кыргыздардын «Манас» деген ВКП(б)нын саясатына каршы жаралган жомогу бар – ошону соккула! Байжиев, Бектенов деген экөө бар, ошолорду түрмөгө камагыла, - дептирби?!»[1]. Бул сөздүн логикасына караганда кыргыздар өздөрү эле (жөн-жай адамдары да, бийликте отургандары да) бири-биринин артынан түшүп өч алып, же ичи тардык «оорусу» менен ооруп, ошонун көп кесепети тийген. Булар туурасында М.Байжиев бир катар ишенимдүү фактыларды келтирет.

Согуштан кийинки (1946–1954-жж.) басма сөздөрдө жарыяланган макалаларга, Жазуучулар союзунун пленумдарында ж.б. жыйындарда сүйлөгөн сөздөргө, кабыл алынган чечимдерге демагогия, кыйкырыкчыл тон, жок жерден тагылган айыптар мүнөздүү. Ушул багытта Ж.Самаганов, П.Балтин, Г.Нуров – үчөөнүн жазган макалалары өтө мүнөздүү. Алардын мындай терс аракеттери Кыргызстан Жазуучулар Союзунун адабий сынга арналган атайын пленумунда (апрель, 1953)[2] жана 2-съездинде (1954)[3] адилеттүү сынга алынган.

***§ 2. Адабий сындагы муундар байланышы***

«Коомдо жашаган адам андан четте турууга мүмкүн эмес» (Ленин), б.а., ал өзүнөн мурдагылар менен ар кандай деңгээлде карым-катнашта болбой кое албайт. Мисалы, 19-кылымдын классиктери замандаштарын да, батыш, чыгыш адабияттарын да кызыгып окуп, бири-бирине карата пикир айтып, алгылыктуу жактарын улантып, келише албаган учурларын сындап келгени белгилүү. Улуу Горькийдин тажрыйбасына кайрылып көрсөк, анын өтө кызыгып окуганы жана шыктандырганы француз О.Бальзак болуптур. Ошону менен бирге ал бир топ калемдештери менен көз караштары, чыгармачылык багыттары боюнча келише алган эмес.

К.Асаналиевдин кимдер менен байланышта болуп, алардан эмнени үйрөнгөнү, кайсы жагы боюнча келише албаганы анын «Адабий айкаш»[4] баянын окуганыбызда ачык элестейт. Ал Ленинграддагы «Пушкин үйү» деп аталган орус адабияты институтунун окумуштууларын өзгөчө бир жылуу сезим менен эскерип, алардан дагы көбүрөөк таасир ала албай калгандыгына арман кылат.

Кыргызстан жөнүндө сөз жүргөндө Т.Саманчин менен Т.Байжиевдер тууралуу айтып, алардын пединститутта мугалимчилик кылып жүргөн кезинде камалып кеткенине абдан өкүнөт, анткени, ошол тушта адабиятты түшүнүп, мыкты сабак бергендер ошолор экен. Аспирантураны аяктап келгенден кийин К.Асаналиевдин Кыргызстанда биринчи көргөн-баккан сынчысы Ж.Самаганов болуп, аны менен көп учурларда өзү айткандай, «сырдаш да, мундаш да, тагдырлаш да болуп жүрөт».

---

[1] Ташым Байжиев (макалалар, эскерүүлөр жыйнагы). –Б.: Седеп, 2003, 89-бет

[2] Никитич П. О нездоровых явлениях в кыргызской литературной критике. // Литературная газета, 1953, 30-май

[3] Грибачев Н. Кыргыз адабиятынын гүлдөп өнүгүшү үчүн // Советтик Кыргызстан, 1954, №10

[4] Асаналиев К. Адабий айкаш.-Б.:БГУнун басмаканасы, 2008. 41-бет



Согуштан кийинки жылдарда Кыргызстанда пайда болгон «үчөө» деген символика жөнүндө ленинграддык окумуштуу П.Н.Берков К.Асаналиевге мындай деп кеп салып берген экен: «Атактуу үчөө, - деп айтты ал, - П.И.Балтин, Г.Нуров, Ж.Самаганов жөнүндө. Дароо эле түшүндүм. Кантсе да бул «үчөө» Павел Наумович Берковдун көңүлүнө тийип, демин далай суутканын… Бийик маданияттуу П.Н.Берковго тигил «үчөөнүн» орой, сологойлонгон көк союл чабуулдары табигый түрдө каршы келгени айдан ачык. Ал тигилердин ар кимисине өз үлүшүн берип, аныктап баштады. П.И.Балтинди түз эле «бул бир жагынан «злой гений» деди». Самаганов болсо, «талантуу адам, бирок, тескери жолдо» деди. Баарынан да эсиме терең кирип, тикесинен сайылып калганы – Фрунзеге кайтып барганда алар сөзсүз сени менен жакын мамиле жасашка катуу аракеттенишет. Байка, алардын таасиринде кала көрбө… Бул сөздөрдүн кыраакылык менен айтылганын Фрунзеге келээрим менен эле байкай баштадым» (Көрсөтүлгөн китеп, 50-бет).

Мына ошентип, К.Асаналиев аталган «үчөөнүн» экөө менен ар кандай деңгээлде карым-катнашта болуптур. Анан булардын «оң-тетири» үлгүсү жаш адиске кандайдыр бир абалда таасир этип жүргөнү сезилип турат. Ж.Самаганов бир жактуу сынчы болсо да, өтө курч жазган. К.Асаналиевге ушул жагы жаккан болуу керек. Кийинчирээк устаты адабий аренадан такыр чыгып калган соң, чоң талаш-тартыштардын чордонунда өз позициясын бербей, кармашта, таймашта жүргөн жалгыз Асаналиев экен. Мисалы, А.Токомбаевдин «Бетме-бет кенири кеңешели» деген макаласынын «Ала-Тоонун» беттериндеги талкуусунда, «Манас», Молдо Кылычка байланыштуу маселелерде ал лидерлик ролдорду ойноп жүргөн. Кийин Тил, адабият институтунун окумуштуулар кеңеши илимий кызматкерликке шайлабай коюп, ал кызматсыз калат. К.Асаналиевдин Ж.Самаганов менен «тагдырлаш, мундаш да болдум» деген сөзүнүн подтекстти ушул.

Ал эми Балтинден К.Асаналиев 4-курста окуп жатканда сабак алган жана аны башка окутуучуларына салыштырмалуу жогору баалаган. Бирок, аны иренжиткен бир учурду мындай эскерет: «Эгерде дүйнөдө эң коркунучтуу, эң ыплас зыяндуу китеп бар болсо, ал «Библия» эле. Мына эми бийик трибунада туруп, мен кадырлаган мугалимдеримдин бири Петр Исаевич Балтин «Манас» эпосун «Библиянын» катарына коюп жатпайбы!... Эгерде М.О.Ауэзовдун «Манастын» бириктирилген кошмо вариантын түзүү жөнүндөгү гениалдуу идеясы болбосо, анын тагдыры кандай чечилмек? Иш Боровковдордун, Климовичтердин, Балтиндердин таразасына карата оол бараткан…» (Көрсөтүлгөн китеп, 52–53-беттер).

Ошентип, К.Асаналиев өзүнө чейинки сынчылар менен оң жана терс жактары боюнча мүнөздөлгөн мына ушундай карама-каршылыктуу байланышта жүргөн.

Диссертациянын борбордук бөлүгү **2-глава - «К.Асаналиевдин адабий жана сынчылык ишмердигинин көп тармактуулугу»** - жети параграфтан туруп, алардын ар биринин өз алдына койгон конкреттүү милдеттери бар.

***§ 1. Изилдөөчүлүк өнөрү. Башталуу.***

К.Асаналиев Фрунзе шаарындагы пединституттун студенти болуп жүргөндө өзүнүн адабий ишмердигин ыр жазуу менен баштайт. Жазуучулар союзунун консультанты У.Абдукаимов анын алгачкы тажрыйбасы менен таанышып чыгып, биринчи төлүн жактырып, өзүнчө китеп кылып чыгарууга сунуш берет. Бирок, атасы жөнүндө кимдир бирөөлөр ушак таратып, жыйнак жарык көрбөй калат.

Окууну аяктап, ал СССР илимдер Академиясынын Кыргызстандагы филиалынын (орусча кыскартылганы КирФАН) Тил, адабият, тарых институтунда бир аз иштеп туруп, анан Ленинграддагы «Пушкин үйү» деп аталган орус адабияты институтунун аспирантурасына өтүп, өз мөөнөтүндө кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп, эмгек жолун кайра эле КирФАНда улантат. Алгачкы жарык көргөн эмгеги[1] кандидаттык диссертациясынын негизинде жазылган. Мында Т.Сыдыкбековдун «Кең-Суу», «Темир» романдарына профессионалдуу адабиятчынын деңгээлинде терең талдоо берүүгө жетишкендиги – бул анын «Пушкин үйүндө» алган билиминин натыйжасы экендиги талашсыз. Адабиятчы өзүнүн алгачкы монографиясы жөнүндө мындай деп эскерет: «Кең-Суу» романы жөнүндө М.Элебаевдин, кийинчирээк М.Дөгдүровдун, ошондой эле «Темир» романы тууралуу Т.Байжиевдин макалалары бар эле. Мен М.Дөгдүров, Т.Байжиевдин макалаларында чындык бар экендигине карабастан, алардын көркөм чыгармага болгон профессионалдык мамилесине карабастан түз эле полемикага өтүп, жок жерден жазуучуну «коргогон» позицияны ээлеген болчумун» («Адабий айкаш», 132-бет). Демек, жаш изилдөөчү диссертацияга объект болгон авторду сөзсүз түрдө эле «коргоо керек» деген туура эмес көз караштa жүргөндүгүн кийинчерээк байкаган.

Өз мезгилинде «Биздин замандын кишилери» романы үчүн жазуучу Сталиндик сыйлыктын лауреаттыгына арзыган. Бул главасы баштапкы экөөнө салыштырганда өтө мазмундуу жазылгандыгын жаш окумуштуунун ийгилиги катары диссертация коргоо учурунда П.Н.Берков баса белгилептир (Адабий айкаш, 48-бет). Биз да бул пикирди толук бөлүшөбүз. К.Асаналиевдин стилине таандык өзгөчөлүк ошол «тырмак алды» эмгегинде эле көрүнгөн. Ал – аналитикалык терендик, сөздү туура таап, өз ордуна кое билүү, ойдун логикалуулугу, ырааттуулугу сыяктуу белгилери менен мүнөздөлөт.

Ошентип, К.Асаналиевдин «Романы Тугельбая Сыдыкбекова» аттуу монографиясы Тазабек Саманчиндин «Кылыч – жазгыч акын» (1946), М.Богдановanын «Киргизская литература» (1947), Б.Керимжанованын «Кыргыз адабияты 25 жылда» (1951) аттуу эмгектеринен кийинки адабият таануу илимибиздин алгачкы чалгындарынын бири

---

[1] Асаналиев К. Романы Тугельбая Сыдыкбекова. -Ф. Изд. АН Кирг ССР, 1956



катарында адабий сында оң баасын алган.[1] Москва университетинин окутуучусу, кыргыз адабиятын, айрыкча Т.Сыдыкбековдун чыгармачылыгын жакшы билген С.Даронян ал эмгекти **«орчундуу илимий изилдөө»** деп атаган. Ошону менен бирге өзүнүн баамындагы айрым бир мүчүлүштүктөрдү көрсөтөт. Мисалы, ошол жылдарда айрым изилдөөлөрдө орус жана улут адабияттарынын байланыштарын көрсөтүүдө айрым аша чабуучулуктарга жол беришкен. «У нас есть основание думать, - деп жазат К.Асаналиев, - прежде чем приступить к созданию своего романа, Сыдыкбеков усвоил горьковскую традицию в построении сюжета» (Асаналиевдин аталган китеби, 17-бет). С.Даронян бул пикирге өзүнүн төмөнкү аргументин каршы коет: «Но почему именно Горький или вообще кто либо другой должен был влиять на Сыдыкбекова, чтобы он показывал своих героев «на фоне противоречий общественной жизни? Ведь это – качество любого реалистического произведения».

Кеңешбек Асаналиев Кыргыз Илимдер академиясында иштей баштаган жылдарында пландык тема катарында кыргыз прозасынын өсүп-өнүгүш тарыхын изилдөөнү тандап алып, кыргыз тилинде алгачкы монографиясын жарыялайт[2].

Китептин биринчи главасы алгачкы аңгемелерди жана «Узак жол» романын талдоого арналып, анда ал «бир адамдын гана башынан өткөн окуясынын майдачүйдөсүнөн бери сүрөттөлгөн натуралисттик чыгарма» катарында бааланган. Бирок, автор кийинчирээк бул көз карашынан баш тартып, «Узак жолдо» М.Элебаев жеке *адамдын жана элдин тагдырын тарыхый татаал кырдаалдарда ачык жана так көрсөтүү* жагынан чыны менен кыргыз прозасындагы реалисттик психологизмдин башталмасында тургандыгы талашсыз»[3] деп жазат. Ошондой эле «Каныбек» романын адегенде приключениялуу жанрга киргизсе, «Көркөм нарк» аттуу китебинде «окуяны биринчи планда сүрөттөө, б.а. адамды чиеленишкен татаал байланыштардын призмасынан кароонун туруктуулугун» анын стилдик белгиси деп тааныйт. Ошондой эле А.Токомбаевдин аңгеме повесттерине, айрыкча «Күүнүн сырына» «лироромантикалык көтөрүңкү сүрөттөө мүнөздүү» экендигин К.Асаналиев таасын ачып берет.

Ошентип, очеркте негизги бөлүм Т.Сыдыкбековдун «Кең-Суу» жана «Тоо арасында» романдарын салыштырып изилдөөгө арналып, анын борбордук орунун ээлейт. Адабиятчы «эки вариантты салыштырып, сюжетке кандай кошумчалар киргизилип, кайсы образ кандайча чыналып», же «өркүндөтүлүп» отургандыгын ишенимдүү мисалдар менен далилдеп, так, таасын аналитикалык тереңдик менен талдап отурат. Натыйжада «Кең-Сууга» караганда «Тоо арасында» романынын арымы, масштабы

---

[1] Даронян С. Новое исследование о творчестве Т.Сыдыкбекова. // Советская Киргизия, 1957, 7-январь

[2] Асаналиев К. Кыргыз совет прозасынын очерки. –Ф.: Кырг. Илимдер академиясынын басмасы, 1957. 1-бөлүк

[3] Асаналиев К. Көркөм нарк. –Ф.: Кыргызстан, 1988, 51-бет

кеңейип, горизонту бийиктеп, жазуучу мурда байкабай, «чийки» калган жерлерин кандай даана сезсе, адабиятчы да дал ошондой жолго чыгат. Ал биринчи монографиясындагы жетпеген жерлерин эми байкап, жыйынтыгында жазуучу «Тоо арасынданы» «Кең-Суунун» «жаңы варианты эмес, андан жогорку деңгээлге көтөрүлүп чыккан профессионалдуу адабияттын нагыз чыгармасы» деп эсептейт.

«Очерк» К.Асаналиевди эрудициялуу окумуштуу катары дагы бир жолу таанытты. Бул китепке карата да биринчи эмгегиндей эле айрым адилеттүү сындар да айтылды. Мисалы, К.Асаналиев адабий ишмердигин баштаган жылдарда «социалисттик реализм методунда өсүп-өнүккөн» деген түшүнүктү колдонуп, ошонун натыйжасында бул метод жандуу организм эмес, кандайдыр бир катып калган догма сыяктуу көз караштар жашаган. Ошол сыңары Асаналиев да «Т.Сыдыкбеков соцреализмдин принциптерин өздөштүрүп», «жетекчиликке алып» деген сыяктуу аныктамаларга жол бергендиги үчүн айрым калемдештеринен жеме да угуп калган учурлары болгон[1].

Дагы бир проблема Сыдыкбеков «Кең-Сууну» жазып жаткан кезинде Шолоховдун «Көтөрүлгөн дың» романынын таасирине таянганбы (Шолоховдон үйрөнгөнбү?) же жокпу деген суроо менен авторго адегенде К.Асаналиев, кийинчирээк К.Бобулов кайрылганда[2] ал экөөнө эки башка мазмунда жооп узаткан, б.а. биринчи учурда «Шолоховду окуп, анан роман жазууну ойлондум» десе, К.Бобуловго «чын-чынына келгенде «Кең-Сууну» жазганга мага Ыманбай түрткү берди» дейт. Ошондон улам изилдөөчүлөр да эки башка жыйынтыкка келишкен. Т.Сыдыкбековдун диссертанттарга берген жоопторундагы эки анжылык мезгил, шарттын өзгөрүшүнө байланыштуу келип чыккан. Мурда К.Асаналиев эмгек жазып жүргөн 50-жылдардын биринчи жарымында улуттук жазуучулар орус адабиятына жакындоого аракеттенишсе, 60-жылдарда андай тенденция артка сүрүлүп, бирөөдөн үйрөнүп чыгарма жазууну алар өздөрүнүн беделин төмөн түшүрүү катары кабылдап калышкан.

Жыйынтыктап айтканда, К.Асаналиев өз чыгармачылыгын изилдөөчү катары баштап, 1956–1960-жылдардын аралыгында үч монографиянын[3] автору болууга жетишип, аларда кыргыз прозасынын 30–50-жылдардын аралыгындагы өнүгүш маселесин карап, маанилүү илимий-теориялык ойлорун ортого салуу менен адабият таануу илимибиздин алгачкы кирпичтерин коюшкан. Демек, ал муну менен көрүнүктүү адабиятчы-теоретик катары илимий коомчулукка өзүн кеңири таанытууга жетишкен.

---

[1] Маленов Б. Адабияттагы партиялуулук жана кыргыз совет адабиятынын кээ бир маселелери. – Ф.:1969, 37-бет

[2] Бобулов К. Пути развития реализма в киргизской прозе . –Ф.:1969, 43-бет

[3] Асаналиев К. Романы Тугельбая Сыдыкбекова. – Ф.:Изд.АН Кирг ССР, 1956., Кыргыз совет прозасынын очерки. – Ф.:Кырг Илимдер академиясынын басмасы, 1957-ж. 1-бөлүк., 1960-ж. 2-бөлүк



### § 2. 70-жылдарга чейинки сын макалалары

Адабий-сын макалалар жазууну ал Ленинграддан келип, республикалык Илимдер академиясында иштеген мезгилден баштайт, б.а. 1955–1969-жылдардын аралыгында анын калемине 22 макала таандык болсо, мунун дээрлик көпчүлүгү адабий сындын эң актуалдуу маселеси – көркөм чеберчилик проблемасына арналган.

1954-жылы «Ленинчил жаш» газетасы Б.Сарногоевдин «Боз үй менен коштошуу» аттуу ырын талдоого арналган Н.Байтемировдун макаласы менен көркөм чеберчилик темасында талкуу ачып, ага аттуу-баштуу А.Токомбаев, Т.Үмөталиев, А.Салиев, .Жакишев, Ж.Самаганов сыяктуу акындар, сынчылар катышып, жыйынтыгын К.Асаналиев чыгарган[1]. Анда ал талкууга түшкөн макалалардын оң жана сол жактарын талдоого алып, чеберчилик жөнүндөгү талкуу жаш автордун бир ырынын негизинде эмес, чоң акындардын чыгармаларынын мисалында жүргүзүлүп, алардын тажрыйбасы жаштарга үлгү катары көрсөтүлгөндө жакшы болмок деген оюн айтат.

Ошого удаалаш «Эки китеп жөнүндө» деген макаласын ошол эле «Ленинчил жаш» (1955, 1-июнь) газетасында жарыялап, анда Т.Шамшиевдин «Үч дөбөдө», А.Убукеевдин «Жыргал» аттуу прозалык жыйнактары тууралуу сөз салып, бул эки китеп тең чеберчилик жактан катуу аксап тургандыгын белгилей келип, мындай деп жазат: «Т.Шамшиевдин жыйнагынан бир дагы оригиналдуу сюжет, бир дагы оригиналдуу көркөм ыкма, оригиналдуу образ, ал гана эмес бир дагы оригиналдуу эпитет же салыштыруу табуу кыйын».

Ушундай эле мазмунда да дагы бир макала[2] жазып, анда да кыргыз аңгемелериндеги айрым жылыштар менен бирге, кыйла оош-кыйыштар орун алып жаткандыгын белгилейт. Жакшы саамалык катары Ч.Айтматовдун, Н.Байтемировдун, К.Каимовдун айрым аңгемелерин атайт, чеберчиликке байланыштуу көркөм деталдардын ролун айрыкча белгилейт да, андай саамалыктардан С.Сасыкбаев, Т.Шамшиев, К.Эшмамбетов, С.Шимеевдер куру калганы айтылат.

Чеберчиликтин эң маанилүү белгиси – көркөм деталдарды ыктуу пайдалануу аркылуу жандуу, таасирдүү образдарды жарата билүү. Бул жагынан Т.Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романы мисалдарга бай экени, ал эми Н.Байтемировдун романдарында («Жылдызкан», «Акыркы ок») жасалмалуулук, чыгарманы ыксыз чоңойтуп жиберүүгө жол берилгендиги конкреттүү талдоолор менен далилденет.

К.Асаналиев чеберчиликтин үлгүсүн Ч.Айтматовдун повесттерине арналган макаларында баса көрсөтөт[3]. Ошону менен бирге, бул жагынан мүчүлүштөп турган айрым чыгармалардын («Телегей», «Кордун тукуму») авторлорун жемелеп өтөт.

---

[1] Асаналиев К. «Ленинчил жаш» газетасындагы көркөм чеберчилик жөнүндөгү талкууга карата. // Кызыл Кыргызстан. 1954. 25-август

[2] Асаналиев К. Кыргыз ангемелеринин айрым маселелери. // Ала-Тоо. 1957, №2

[3] Асаналиев К. Көркөм деталдар жана образдар // Советтик Кыргызстан. 1956. №9

Ошол жылдарда поэзиядагы форма маселеси да курч коюлуп, К.Асаналиев бир катар макалаларында[1] ага карата өз мамилесин билдирет.

1968-жылы «Кыргызстан маданияты» жумалыгында «Акындарга үч суроо» деген ат менен уюштурулган талкуунун жыйынтыгын чыгарган макаласын ал «Изденүүлөр жана чаташуулар» деп атап, мында «эркин ырды» жактоо менен бирге ошол формага жамынып алып, көркөмдүгү да, уйкаштыгы да жок ыр сымалдуу жөн эле бирдемелер жарыяланып жаткандыгын сынга алат. Ал эми «Эчки чоочун короого туш болдубу?»[2] аттуу «Литературная газетасында» жарыяланган макаласында сынчы «эркин ыр» формасын такыр жокко чыгарган айрым авторлорго каршы чыгып, С.Эралиев, О.Султанов, Р.Рыскулов, М.Абылкасымова сыяктуулар үчүн ал мода куучулук эмес, поэзиядагы жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачуу үчүн болгон талбаган изденүү экендигин эскере келип, С.Эралиевдин жемиштүү аракеттерин кубаттайт.

Ошентип, адабиятчылык ишмердиги сыяктуу эле кандайдыр бир он-он беш жылдын аралыгында К.Асаналиевдин сынчылык өнөрү да толук калыптанып, ал окурмандарга өзүнүн оригиналдуу стили жана жазуу маданияты бийик калемгер катары таанылган. Анын ар бир макаласы кызыгууну туудуруп, өтө ынтызарлык менен кабыл алынып турган.

***§ 3. Социалисттик реализмге мамиле***

Социалисттик реализм – адабият теориясындагы өтө орчундуу жана татаал проблемалардын бири.

Ар бир көркөм метод коомдук көрүнүш катары белгилүү бир «бытьего» (коомдун экономикалык структурасы) байланышат, б.а. көркөм адабият коомдук аң-сезимдин бир формасы катарында социалисттик түзүлүштүн идеологиясын ачык таратып келген. Муну буржуазиялык идеологдор[3] турмуш чындыгын бурмалоо, компартиянын «чынжырында» тушалуу деп түшүндүрүшкөн. Ал эми коомдо жашап туруп, белгилүү бир таптын көз карашын жактабай, «абсолюттук эркиндикте» эч кандай адабият болбой тургандыгы – бул төгүндөлгүс чындык. Ошол эле жогоруда аталган антисоветчиктер да өздөрүнүн «кожоюндарынын» сөзүн сүйлөп тургандыгы – бул «эркин адабият» теориясынын негизсиздигинин далили[4].

Ошентип, социалисттик реализм методу – бул партиялуулукка, коммунисттик идеологияга кызмат кылган адабияттын методу. Бул тууралуу Ч.Айтматов мындай деген: «Партийность и народность краеугольные камни литературы искусства, это не просто фраза, не просто более и менее удачная формулировка. Это закономерность нашей общественной мысли, открытая Лениным и подверженная практикой революции»[1]. Дагы: «Нам приходилось держать ответ за социалистический реализм и в наших заграничных поездках. Где-то нам пытались доказать, что социалистический реализм ограничивает возможности художественного творчества и тому подобное в этом роде. Что ж, еще раз подчеркиваю свою приверженность к социалистическому реализму. Если появляются у нас серые, беспомощные, натуралистические книжки, картины и фильмы, то виноват не социалистический реализм, а виноваты авторы слабых произведений… А что касается социалистического реализма, то мне думается, что этот творческий метод настолько огромен, что мы еще далеко не полностью познали и изучили его, мы не дошли еще до его сокровенных глубин и заоблачных вершин. Он так же безграничен, как сама жизнь»[2]. Абдан жакшы айтылган чындык сөз. Ал буржуазиялык сынчыларга ошондо да, азыр да бериле турган таамай жооп. Бирок, өкүнүчтүүсү улуу жазуучу совет өкмөтү кулагандан кийин ошол көз карашынан айнып, советтик түзүлүш, компартия тууралуу башкача пикир айта баштаган: «Социалисттик реализм – адабий кубулушту бир гана жогортон көрсөткөн ыкма менен чагылдырган. Ал кезде чыгарма жаратуу «шыктандыруучу партия» тарабынан ачыктан-ачык тануууланган… Адабият коммунисттик дик товкалар боюнча жашаган»[3].

Айтматовдун практикасы анын бул сөзүнө карама-каршы келет. Мисалы, «Чыңгызхандын ак булуту» өтө курч чыккандыктан, кайра куруга чейин жарыялай албай келдим»[4] деген сөзүнүн төркүнүн териштире келсек, ал ага чейин сынчылдык пафосу андан да күчтүү «Гүлсарат» повестин жазгандыгы белгилүү. Эгерде «Ак булутта» бир гана Сталиндик репрессиянын курмандыгы болгон Абуталип өңдүү ак ниет адамдардын трагедиясын ачса, андан мурда жарык көрүп, окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынган аталган повестинде компартиянын ичиндеги карьеризм менен бюрократизмди аеосуз сынга алган. Демек, кайра курууга чейин «диктовка» менен гана иштеп, чындыкты айта албай келгем деген аргументи факты менен коошпой калды.

К.Асаналиев Ч.Айтматов менен жашташ, советтик доордо социалисттик идеологияны каны-жанына сиңирип өскөн инсан. Ал калемдеш курбусунун СССР кулагандан кийин көз карашы кескин өзгөрүп, социалисттик реализмди «жазуучунун эки бутун бир кончуна тыгып, эркин ойлоого жол бербеген догма, кишен» деген сыяктуу ойлорун толук колдоп, бир катар макалаларын жазган. Ал эми Айтматовдун эки доордогу эки башка ойлорун мындайча аргументтейт! «Ч.Айтматовдун бөтөнчө акылмандуулугу ушунда экен, ал бийликке, системага ачык каршы чыкпай, тескерисинче, аны менен жалпы «тил» таап, жылуу-жумшак кадырлашып, сыйлашып, ал турмак катар басып, бир орундукта отуруп, бирок, ошол бийликтин фундаменталдуу негиздеринин түп тамырына балта чаап, улам үңүлүп казып отургандыгында»[5].

[1] «Саманчы жолу» - өмүр жолу. // Советтик Кыргызстан, 1964, 22-май., Новая повесть Чингиза Айтматова. // Советская Киргизия, 1966, 27-апрель., Удел мастера – поиски. // Литературная газета, 1967, 1-февраль., «Жоргоңон жазба, Гүлсары!». // Ала-Тоо, 1968, №12

[2] Асаналиев К. Изденүүлөр жана чаташуулар. // Кыргызстан маданияты, 1968, 25-декабрь; «Чужой ли двор забрела» коза? // Литературная газета, 1969, 7-май; «Эчки чоочун короого туш болдубу? // Кыргызстан маданияты. 1969. 25-июнь»

[3] Франция менен австриянын компартиясынын катарынан чыгарылган Роже Гароди, Эрнст Фишер, америкалык советолог Глеб Струве

[4] Бул жөнүндө А.Дымшицтин «Нищета советологии и ревизионизма». –М.:ХЛ, 1975 аттуу эмгегинде жакшы айтылган



[1] Айтматов Ч. В соавторстве землею и водою… – Ф.:Кыргызстан, 1978, 137-бет

[2] Айтматов Ч. Создадим яркий образ коммуниста. Китепте: В соавторстве землею и водою… – Ф.:Кыргызстан, 1978, 93-бет

[3] Айтматов Ч. Чыгармалар (беш томдук). –Б.:Шам, 1999, 530-бет

[4] Айтматов Ч. Жазганды гана каалаар элем. // Кыргызстан маданияты. 1993, 22-декабрь

[5] Асаналиев К. Чыңгыз Айтматов: Кечээ жана бүгүн. –Б.: КМУнун басмаканасы, 1995, 120-бет

Биздин оюбузча, ал мурда бийликке чын жүрөгү менен эле ишенип, кызматташып, анын улуу сыйлыктарын тартынбай эле алып келген. Эгерде коомдук түзүлүш өзгөрбөсө, балким, ал ошондой эле абалда жүрмөк. Ошон үчүн жазуучунун социализмди сындай баштагандыгынын объективдүү себебин базистин алмашылып, аны тейлеп келген надстройканын кыйрашына байланыштырганыбыз туура болор. Бирок, канткен менен Айтматов, анын артынан Асаналиев да советтик түзүлүштүн, социализмдин ийгиликтерин эч качан жокко чыгара алмак эмес. Ал совет мамлекетинде жазуучуну «ыйык, такыба адамдардай сыйлаган» доор өтүп кеткенин бир мисал менен түшүндүрөт: «Али да эсимде, көп жыл мурда АКШда бир жазуучу менен сүйлөшкөнүмдө мындай деген эле: «Мен силерге, советтик жазуучуларга аябай суктанам, силерди түрмөгө отургузушат, сүргүнгө айдашат, газеттерде, партиялык чогулуштарда сындашат. «Совет коомуна жалаа жабасыңар» деп айыпташат ж.б.у.с. нерселер. Силер эл алдында авторитетке ээсиңер, эл жазуучуну өзүнүн коргоочусу, таламын талашуучу деп түшүнөт. А биерде, Америкада болсо, эч ким бизди адам деп эсептебейт, эмне кааласаң жаза бер. Жок дегенде бирөө сенин чыгармаңа көңүл буруп, бир нерсе деп сени айыптасачы! Ал кезде мен мындай сөздөргө таңгалган элем. Көрсө, **аныкы да өзүнчө жөндүү экен**»[1]. Мына эми, - деп ал, - сөзүн улайт: «Китеп коммерциялык диктаттын мөөрүн басчу маданий керектөөлөрдүн кулуна айланды. А түгүл социалисттик реализмдин «кууш бешигинде» баштан кечиргендерге салыштырганда да соода адабият үчүн, анын эркиндиги жана көркөм өнүгүү келечеги үчүн алда канча оор кыйынчылыктардын жаңы катарын түзүп койду»[2].

К.Асаналиевдин көз карашы да ушуга окшош. Ал социалисттик реализмдин табиятын түшүнүү үчүн ошол доордун адабиятын жакшылап изилдеп, дурусун дурус, бурушун буруш деп далилдеп, азыркы муунга түшүндүрүү кажет дейт»[3].

Кыскасы, социалисттик реализм проблемасы өтө татаал. Мында 70 жылдан ашык жашап келген адабият тууралуу сөз жүрүп жатат. Ал жөнүндөгү көз караштар эки жактуу. Бирөөлөр совет мезгилинде жаралган көркөм дөөлөттөрдү «тоталитаризм» деп аталган түшүнүккө такап, кол серпип коюуга акыбыз жок дешет, экинчилери, ал доорго нигилисттик менен карап, катуу сөздөрдү айтышат. Аргументи – ал учурда адабият эркин болгон эмес, саясий диктаттын гана коштондусу эле деген маанайда кургак, негизсиз тануучулукка бийлетип жатат. Негизинде көз караштардын мындай таймашы али да алдыда…

### *§ 4. Мурас – элдик казына*

К.Асаналиев Кыргыз Илимдер академиясында иштей баштаган жылдарда «Манас» эпосунун бириктирилген варианты түзүлүп жаткан. Ошондо Т.Сыдыкбековго тапшырылган «Сейтек» эпосун илимий жактан изилдеп, ага баш сөз жазуу жаш окумуштууга тапшырылган. Бул милдетти ал жакшы аткарып, «Сейтек» эпостук деңгээлге толук өсүп жеткен деген корутунду чыгарат. Ага чейин «Сейтек» жетиле иштелбеген, аны өзүнчө бөлүк катары атоого жарабайт»[4] деген М.Ауэзовдун пикири бар эле. К.Асаналиев мындай деп жазат: «Мейли сюжеттик жана композициялык жактан болсун, мейли каармандардын көркөм элестеринин ачылышы жана идеялык мазмуну жактан болсун, «Сейтек» –өтө оригиналдуу, өз алдынча бүткөн чыгарма»[1].

[1] Айтматов Ч. Чыгармалар (беш томдук). – Б.:Шам, 1999. 5-т., 537-бет

[2] Ошондо эле, 531-бет

[3] Асаналиев К. Соцреализм. Адабият жана Айтматов. // Ала-Тоо, №4 (53), 2008, февраль

[4] Сыдыкбеков Т. Иниден агага. Китепте: Табылга. –Ф.: Кыргызстан, 1991. 312-бет



Ошентип, К.Асаналиев «Манас» менен жаш мезгилинде байланышып, көзү өткөнгө чейин анын проблемаларына аралашып келди. Өзгөчө Сагынбайдын вариантын жарыкка чыгаруу бир топ кыйынчылык менен ишке ашып, биринчи тому жарык көрүү менен А.Токомбаевдин ага карата сын пикири коомчулукту бир топ түйшүккө салган. Эл акыны өз макаласында[2] Сагынбайдын «Манасына» идеялык доомattар коюп, бирок, ал эч көңүлгө алынбай, төрт китеби толугу менен жарыяланат.

К.Асаналиев А.Токомбаевдин позициясына макул эместигин далилдеген макаласында[4] мындай аргумент келтирет: «1958–1960-жылдардын аралыгында «Манас» эпосунун кошмо варианты түзүлүп, басылып чыгып жаткан кезде анын элүү процентине жакыны Сагынбайдан алынып жатканын редколлегия мүчөсү А.Токомбаев билген да, «үн деген» эмес. «Мына ушундан улам, - дейт К.Асаналиев, - төмөнкүдөй закончнемдүү суроо келип чыгат. Кайсыл Токомбаевге ишенебиз – бириктирилген варианттын редколлегия мүчөсү катары Сагынбай айткан текстти жана анын бириктирилген вариантка киригизилишин активдүү колдогон жана кубаттаган 50-жылдардагы Токомбаевдиби, же ушул эле текстти «тыюу салынган» деп, анын жаңы редколлегия мүчөлөрүн «улутчул», «душман» ж.б. деп жарыялаган 70–80-жылдардагы Токомбаевге ишенебизби?». Суроо туура эле коюлган экен. Бирок, кызуу кандуулугу менен бир одоно сөз кетип калган. Ал Токомбаевди өз энесине кол салган манкуртка теңештирген.

Ошондон кийин А.Токомбаевди «ур токмокко алган» өтө эле ашкере ачууланган сындарга акаарат айткан журналист А.Черемушкинага К.Асаналиев «бардык чатакты чыгарган өзү күнөөлүү»[4] деп жооп берген. А.Токомбаев болсо жыйынтыктоочу жооп макаласында[5] «Манастын» Сагынбайлык варианты боюнча өзүнүн позициясында кала берерин туюнтат: «Кайталайм. Сагынбай версиясынын 1-тому үч жолу басылгандан кийин араң оңолгон. Ал эми 2-3-4-томдору баягы эле биринчи басылган бойдон калып отурат. Биздин нукура элдик идеологиялык, таптык позициябызга ылайык реакциялык-улутчул, феодалдык-клерикалдык кириндилердин бардыгынан тазаланууга тийиш». Ооба, 1952-жылдагы «Манастын» элдүүлүгүнө арналган конференцияда ошондой пикирлер айтылган. Алар жалпы вариантта орун алганы чын, ал эми басылып чыккан төрт томдукта андай фактылар жок. Болгон күндө да 80-жылдардын аягында коомдо шарттар өзгөрүп, кайра куруу процесстери жүрүп жатканда А.Токомбаевдин койгон доомattары суу кечмек эмес. Муну карыя акыныбыз көңүлгө албаган экен.

Кылыч маселеси боюнча да күрөш көп мезгилдерди кучагына алат. Ал 1947–1948-жылдарда башталып, 1990-жылда араң аягына чыккан. Бул аралыкта карама-каршы позициядагы макалалар (бирөө аны коомдогу өзү көргөн чындыкты туура сүрөттөгөн

[1] Асаналиев К. «Сейтек» - «Манас» эпосунун 3-бөлүмү. Китепте: «Сейтек». Бириктирилген вариант (4-китеп).-Ф.:Кыргызмамбас. 1960, баш сөз

[2] Асаналиев К. «Манас» эпосунун тегерегиндеги чайкоочулук же бир көз караштын он кубулушу. // Кыргызстан маданияты, 1987, 24-сентябрь

[3] Кыргызстан маданияты. 1987, 10-декабрь

[4] Мунун пайдасы кимге? // Кыргызстан маданияты, 1988, 30-июнь

реалист, экинчилери, динчил-фонатик исламист орустарды жек көргөн улутчул дешкен) байма-бай жарыяланып келген. К.Асаналиев да ошол талаш-тартыштардын чок ортосунда туруп, «Молдо Кылычты көтөрмөлөө, аны элдик акын-агартуучу катарында көрсөтүүгө умтулуу идеялык жана саясий жактан зыяндуу» деп жазса, кийин ал көз караштан чегинип, биринчи позицияга өтүү менен өз катасын оңдоого жетишкен: «Зар заман» – бул барыдан мурда кыргыз турмушу, тагдыры жөнүндөгү бүтүндөй бир философиялык ой-толгоолору, акындын жүрөктөн чыккан муң-зары, күткөн үмүт-тилеги, эртеңки идеалы. Ошондуктан дал ушул чыгармада Молдо Кылычтын көз карашындагы даанышмандык менен табигый чектелиш өзүнүн бүткүл карама-каршылыктары менен ачык чагылган»[1].

Ошентип К.Асаналиевдин мураска, айрыкча, Молдо Кылычка мамилеси бир калыпта жүргөн жок. Коомдук процесстеги өзгөрүүлөргө ылайык ал бир топ кыйналды, чайналды. Акыры туура жолго чыккан кезде көз жуумп кете берди.

***§ 5. Атактуу Айтматов таануучу***

К.Асаналиевди Айтматов таануучулардын баштоочусу деп айтсак туура болот. Жазуучу анын «Түнкү сугат», «Асма көпүрө» аттуу алгачкы аңгемелерине карата жылуу пикирди ошол сынчыдан алгач угуп, бир топ демдеминип калган. К.Асаналиев өзүнүн бул макаласында[2] мындай деп жазган: «Ч.Айтматов сюжет куруу, образдарды шөкөттөө боюнча азыркы кыргыз жазуучуларынын ичинен өзгөчөлөнүп турат».

Ч.Айтматов 1957-жылы Москвада Жогорку адабий курста окуп жүргөн кезинде «Бетме-бет» аттуу повестин тез эле жазып бүтүп, кимге көрсөтөрүн билбей жүргөндө көчөдөн К.Асаналиевди жолуктуруп, гостиницанын бир бурчунда отуруп, бир жарым саат окуп берет. Ошондо ал «бул – кыргыз адабиятындагы жаңы сөз»[3] деп айтат. Алгачкы повестинин тушоосун кескенге барабар ошол баа жаш авторду абдан шыктандырган. Ошондон кийин анын жолу шыдыр болуп, багы ачылат. 1958-жылы жарык көргөн «Жамийла» повестине М.Ауэзов «бул Орто Азия адабиятындагы алгачкы психологиялык повесть»[4] деп баа берет.

1968-жылы К.Асаналиев «Кыргызстан» басмасынан «Открытие человека современности» (Заметки о творчестве Чингиза Айтматова) аттуу китебин чыгарып, анда жазуучунун алгачкы аңгемелеринен «Гүлсаратка» чейинки чыгармаларын кеңири талдоого алган.

Ч.Айтматов 60–70-жылдарды совет адабиятынын өнүгүшүндөгү жазуучуларга кандайдыр бир кеңдик, тереңдик берген мезгил катары баалайт. Аны «Бетме-беттен» да байкаса болот. Антпегенде мурдагы кездерде дезертир тууралуу жазуу кимдин оюна келиптир. Ошол себептүү алгачкы кездерде Кыргызстанда бул чыгарманы өгөйлөп да

[1] Асаналиев К. Башат. // Кыргызстан маданияты. 1989, 31-август
[2] Асаналиев К. Кыргыз аңгемелеринин айрым маселелери. // Ала-Тоо. 1957, №2
[3] Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. –Ф.:Илим, 1990, 2-т., 541-бет
[4] Ауэзов М. Путь добрый! // Литературная газета. 1958, 23-октябрь



жүрүшкөн. Жазуучу өзүнүн бир макаласында[1] повесть боюнча түзүлгөн инсценировканы радиодон бердирбей койгонун эскерет.

К.Асаналиевдин 1988-жылы жарык көргөн «Көркөм нарк» аттуу китебинин негизги бөлүмдөрү да Айтматов жөнүндө. Мында биринчи монографиясындагы ойлор тереңдетилип өнүктүрүлгөн: «Ч.Айтматовдун повесттеринде жана романдарында адамды ар тараптан фундаменталдуу көрсөтүү тереңдетилген психологизмге жана философиялык синтезге негизделди, – деп жазат ал, – жазуучу өзү ачкан дүйнөсү менен улуттук адабиятты жалпы адамзаттык эстетикалык үлгүлөрдүн катарына чыгарып, улуттук адабиятка көркөмдүк мааниси боюнча мурда болуп көрбөгөн жаңы сапат-касиет алып келди… Мына бул көрүнүштү кыргыз эпосунун жаңы доору деп айтсак болот»[2]. Мына ушул мааниде К.Асаналиев «Жамийладан» башталган жазуучунун чыгармаларын кыргыз эпосунун жаңы доору деп атайт.

Ч.Айтматовдун «мен романтизмден реализмге келдим» деген бир сөзү бар. Турмуштук жана адеп-ахлактык чоң сыноолорго туш келип, бирок, баш ийип, багынбаган Кемел, Илияс, Дүйшөн өңдүү романтикалык типтеги каармандар Айтматовдун чебер калеминен жаралгандыгын айта келип, сынчы «Саманчы жолунда» кыргыз аялынын согуш мезгилиндеги көтөргөн жүгү, тарткан кайгысы чыны менен эпикалык масштабда романтизацияланган образга «айлангандыгын» белгилейт. Ал эми «Гүлсаратка» келгенде К.Асаналиев аны нагыз «катаал реализм» менен жазылган чыгарма деп эсептейт.

К.Асаналиев Ч.Айтматов балдар дүйнөсүн да чебер ача билгендигин белгилеп, «Сейиттен тартып, Султанмуратка чейинки «Айтматовдун балдарынын» көркөм эволюциясы – бул турмуштун улам жаңы жактарын, улам терең катмарларын таанып билүүдөгү жазуучунун өзүнчө бир образдык системасы»[3] дейт.

Ошентип, өзү менен курбалдаш жазуучу жөнүндөгү оригиналдуу, теориялык маңызы терең ойлорун макаладан макалага, китептен китепке өткөрүп өнүктүрүп отуруп, алардын жыйынтыгын «Чингиз Айтматов. Поэтика художественного образа» аттуу докторлук диссертациясында чыгарган. Ал капиталдык эмгеги[4] Айтматов таануу илимине кошкон өлчөмсүз чоң салым болуп эсептелет.

Монографияда «Жамийладан» «Кыяматка» чейинки бүткүл чыгармаларына илимий-теориялык көз караштын позициясында кеңири талдоолор берилип, салмактуу корутундулар чыгарылат. Конкреттүү алганда алар төмөндөгүдөй проблемаларды камтыйт. «Жамийла» повестиндеги улуттук чындыкка жаңыча көз караш» деген главасында эски салт-санаалар менен күрөшүү проблемасы каралган. Андан соң «Гүлсаратты» кыргыздын жаңы доорунун эпосу планында талдап өтөт. «Триптих» же

[1] Айтматов Ч. В соавторстве землею и водою. –Ф.: Кыргызстан, 1978. 117-бет
[2] Асаналиев К. Көркөм нарк. –Ф.:Кыргызстан, 1988, 135-бет
[3] Айтматов Ч. Гүлсарат. –Ф.:Кыргызстан, 1978, Асаналиевдин баш сөзү
[4] Асаналиев К. Шекер и космос.-Б.:Центр манасоведения, 2001

Айтматовдун үч повести («Ак кеме», «Эрте келген турналар», «Ала дөбөт») жөнүндөгү бөлүмдө сөз негизинен адам жана табият проблемасына байланыштуу жүрөт. Ал эми «Кылым карытар бир күн» романын «кыргыз эпосунун жаңы бийик баскычы» дейт.

«Кыямат» романы тууралуу адабий сында ар түрдүү көз караштар айтылган. Алардын эң негизгиси – чыгарма бирдиктүү композициялык бүтүндүккө ээ эмес деген, экинчиси, аны улуттук чындыктан алыс турган мезгил менен мейкиндиктен ашырган пикирлер. К.Асаналиев өзүнүн талдоосунда жазуучунун универсалдуу билимге ээ экендигин, романдагы миф менен жомокту, философия менен социологияны, куран менен Инжил (Библияны) бирдиктүү бир концепцияга бириктире алгандыгын баса белгилейт.

Корутунду главада изилдөөчү улуттук жана жалпы адамзаттык проблемасына кайрылып, Айтматов улуттук чындыкты сүрөттөөдө же башка элдин турмушуна кайрылганда да ал улуттук аркылуу жалпы адамзаттыкка чыккан, б.а. бул эки категория диалектикалык карым-катнашта жашайт – чыныгы улуттук нерсе гана жалпы адамзаттык мааниге ээ боло алат деген көз караштым туюнтат: «Общеизвестно, - деп жазат К.Асаналиев, - что не вякое и не во всех случаях национальное обладает свойствам общечеловеческого. Общечеловеческое – это тот уровень художественного развития, когда национальная действительность раскрывается во всей своей социально-философской значимости и приобретает значение мировых ценностей»[1]. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы улуттук менен жалпы адамзаттыктын карым-катнашын мына ушундай мааниде гана кабылдоо кажет.

***§ 6. 70–80-жылдардагы сынчылык өнөрдүн өркүндөшү. «Майдан» романына көз караш***

Бул аралыкта К.Асаналиев адабий жана сынчылык өнөрдүн жаңы баскычына көтөрүлүп чыккандыгы айгине. Ал актуалдуу темалардагы адабий талкууларга үзбөй катышып, ошону менен бирге полемикалуу макалалары менен басма сөздө тынымсыз чыгып турду.

Фольклор менен профессионалдуу адабияттын жана улуттук адабият менен реалисттик адабияттын карым-катнашы – адабият таануу илиминдеги орчундуу проблемалардын бири. Бул маселе боюнча бирдиктүү көз караш жок. К.Асаналиевдин таамай мүнөздөмөсү боюнча, ал экөө «учууга эки канаттай», б.а. бири-бирисиз жашай албай турган эки булак. Мисалы, жазма адабиятты фольклордук традициясыз элестетүүгө мүмкүн эмес, экинчи жагынан анын ролун өтө чоңойтуп жиберүүгө да жарабайт.

Адабияттагы фольклорго кайрылуунун ар бир этапта өзгөчөлүгү бар. Алсак, 20–30-жылдар менен 50–60-жылдар окшош эмес. Жазма адабияттын жаңыдан төрөлүп жаткан учурунда фольклоризм күчтүүрөөк болсо, кийинки этаптарда ал башкача мүнөзгө өтөт. Мисалы, Жантөшев менен Айтматовдун фольклорго кайрылуусу кескин

[1] Асаналиев К. Шекер и космос. –Б.:Изд. Центра манасоведения. 2001 с.300



айырмаланат. «Ак кемеде» же «Гүлсаратта» элдик легендалар баягыдай көбүнчө бытовизм, этнографиялык турмуш тиричиликти таанып-билүү функциясын аткарбастан, көркөм чыгармачылыктын негизинде берилген философиялык, нравалык, психологиялык жыйынтыктарга түздөн-түз кийлигишет» дейт К.Асаналиев. Мындагы жазуучунун ийгилигин ал фольклорго реалисттик адабияттын бийиктигинен туруп мамиле кылгандыгынан көрөт.

Асаналиев сынчы катары чыккан мезгилден тартып эле реалисттик адабияттын салттарынын кыргыз профессионалдуу адабияттын өнүгүшүнө тийгизген таасирин өзгөчө белгилеп келген. Ал жаш жазуучуларга таяна турган бирден-бир булак, эгерде адабиятчынын термини менен айтсак, «ишенимдүү ориентация». Булар туурасында ал бир катар акалаларында[1] кеңири сөз козгойт.

Сынчы таасир, традиция маселесин эки жактуу карайт. Бирөөлөр үлгүнү түздөн-түз пайдаланса, экинчилери, көптөгөн классиктерди окуп, үйрөнүп, традицияны «өздөштүрүү» маанисине көтөрөт, б.а. Айтматовдун чыгармаларынан «кимдир бирөөнүн басып кеткен изин» (Ломидзе) сезбейсиң, ошону менен бирге аларсыз аны элестете да албайсың, б.а. таасир терең түпкүргө сиңип кеткен, аны «кол менен кармалап көрүүгө» (Ауэзов) мүмкүн эмес.

К.Асаналиевдин көрсөтүлгөн аралыктагы бир катар макала жана изилдөөлөрү кыргыз прозасынын проблемаларына арналган. Өзгөчө ал Ч.Айтматовдун, У.Абдукаимовдун, М.Гапаровдун, М.Байжиевдин, .Даникеевдин ийгиликтерин белгилөө менен бирге айрым авторлордун (С.Сасыкбаев, М.Абдукаримов, Ш.Садыбакасов, Ш.Бейшеналиев, К.Сактанов, Ш.Абдыраманов) романдарындагы[2] каармандардын схемалуу сүрөттөлүшү, көп сөздүүлүк, өндүрүштүк проблемалардын биринчи планга чыгып, адам тагдырынын артка сүрүлүшү сыяктуу кемчиликтер сынга алынат.

Көрсөтүлгөн мезгил аралыгында К.Асаналиев 1968-жылы «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын беттеринде «Акындарга үч суроо» деген рубриканын алдында өткөн талкууга катышып, өз оюн мындайча туюнтат: «Сап сындырып жазуу – бул эксперимент үчүн жасалбайт, ал турмуштук зарылчылыктан улам чыккан, анткени, качанка чейин «Ак Мөөрдүн» бешигинде термелип жатмак элек» (К.Укаев), поэзияда жаңы жолдорду издөө зарыл, б.а. традициялык ырларды эркин ыр формасы менен коштоо керек деген ой айтылат. Бирок, бул жакшы аракеттер дайым эле ийгиликтер менен аяктабай, айрым кемчиликтер да орун алып жаткандыгын айтып, мисалга жаңы форманын баштоочуларынын бири С.Эралиевдин тажрыйбасына кайрылат. Алсак, «Жыл-

[1] Орус классикалык жана совет адабиятынын кыргыз адабиятындагы традицияларынын кээ бир маселелери., «Кыргыз прозасынын ишенимдүү ориентациясы жөнүндө»., «Учууга эки канаттай»., «Кыргыз прозаиктеринин улуу мектеби»

[2] Караңыз: Асаналиев К. Кыргыз романы: Кербен жол жана туюктар. Китепте: Көркөм нарк. – Ф.:Кыргызстан. 1988

дыздарга саякат» поэмасында ойду атайын татаалдаштыруу, чиеленишкен ассоциация, татаал метафораларды сезим менен эмес, атайын максаттын негизинде акылдын күчүнө салып жасоо сыяктуу мүчүлүштүктөр орун алган.

Мындай көрүнүштөр эркин ыр жазып жүргөн Р.Рыскулов, М.Абылкасымова, О.Султановдордо да жолугат.

Жалпысынан алганда 70–80-жылдарда Асаналиевдин илимпоздук жана сынчылык горизонттору бийиктеп, ысмы жалпы союздук окурмандарга белгилүү болот. Ал бир катар макалаларын борбордук «Литературная газетасына» жарыялоого жетишет.

* * *

У.Абдукаимов өмүр бою котормочулук менен алектенип келип, ушул биринчи жана акыркы романы менен адабият тарыхында калган. Мындай мисал орус адабиятында Грибоедовдо болуптур. Анын «Акылдан азап» комедиясы У.Абдукаимовдун Качыкеси сыяктуу өмүр бою аздектеп багып жүргөн чыгармасы экен.

1961-жылы «Майдандын» 1-китеби жарыкка чыкканда А.Токомбаев макала арнап[1], анда роман «социалисттик реализмден четтеген чыгарма катарында» бааланган. 1962-жылы ал Кыргызстан Жазуучулар Союзунда өткөн чоң талкууда анын атайын предмети болгон. Ошол жыйында Абдукаимовдун ийгилигин даана байкагандар да, сынчынын негизсиз колдогондор да ачыкка чыккан. Маселен, Лениндик сыйлык ала элек, бирок, бир топ повесттери менен элге таанылып калган Ч.Айтматов минтип айткан экен: «Кызыгуу менен окуп чыгып, аягында өкүнүп калдым. Жаман жазылгандыктан эмес, мындан да мыкты китеп болууга толук мүмкүндүк болгон экен, укмуштуу эпизоддор бар… Абдукаимов чоң психолог экен. Бул жагынан алганда китепти орус окурмандарына уялбай эле окутууга болот. Айрым бир жерлери Ремарк, Бондарев, Симоновдордун китептери менен жанаша ат салыша барат»[2].

Талкууга күбө болгон К.Асаналиев өзүнүн «Адабий айкаш» эскерме-китебинде ошондогу эсте калган элестерди мындай деп таасын баяндап берген: «Адилеттик өзүнүн тарабында экенине бекем ишенгенби, айтор, түздөн-түз саясий оор айып коюп, каар чачып сүйлөгөндөргө чычалап айтышкан жок, ошондой эле жактап, коргоп сүйлөгөндөргө да көңүлү көтөрүлүп, курсант тарткан жок. Ар бир ораторду кунт коюп угуп, өзүнө керектүү жерлерин окуучулук дептерге тыкыр жазып отурду. Эч кимге түшүндүрмө да, реплика да бербеди… Карама-каршы пикирлер бетме-бет кагылышып, тытышып жатса, эчтекени туйбагандай, сезбегендей чымырканып отурган, бир калыбынан козголбогон токтоолук менен сабырдуулукту мына ошондо көрдүм»[3].

Автор жөнүндөгү ушундай жылуу сөздөрдөн кийин К.Асаналиев А.Токомбаев койгон негизги дооматка мындай түшүндүрмө берет: «Ырасын айтканда, «Майдан»

[1] Токомбаев А. «Майдан» романы жөнүндө учкай сөз. // Советтик Кыргызстан, 1961. 11-март

[2] Тентимишев М. Узакбай өмүрүн узарткан «Майдан». // Кыргыз Туусу. 2001-жыл, 27-февраль, 1-март

[3] Адабий айкаш, 88–89-беттер



романын социалисттик реализм четке каккан» деген формулировкада чындыктын кандайдыр бир үлүшү бар болучу… Бул жерде маселенин маңызы «Майдан» романында сүрөттөлгөн турмуш чындыгы, көркөмдүк жаңычылдыгы социалисттик реализмдин көнүмүш калыптарына, чектелген чектерине сыйбай жаткандыгында[1].

Талкуу К.Асаналиевдин байкоосунда «Майдандын» пайдасына чечилген. Ал мурдагы көндүм, стандарттуу жолдон чыгып, согуштук катаал чындыкты ашкере айгине кылган роман экендигин тастыктады. Автор өзүнүн корутунду сөзүндө мындайча белгилептир: «Менин романымдын биринчи китебиндеги өкүнүчүм, турмуш горизонтун кеңирирээк албай, дале болсо музоосунда сүздүрүп койгон уйдай болуп, «бул китепти эмне дешээр экен, **партиянын жолунан чыгып кетти** деп дагы бирөө союлун көтөрө чыгып, көөнү келсе жыга чабаар бекен» деп сүрдөгөндүк, чочугандык болду»[2].

У.Абдукаимовдун оюу боюнча партиялуулук деген – бул ооз жүзүндө айтылган кургак сөз, демагогия эмес, ал турмуш чындыгынын туура, таасын сүрөттөлүшү.

К.Асаналиев «Майдан» романына «Кыргыз романынын мейкиндиктери»[3] аттуу көлөмдүү макаласында да кайрылып, аны чыныгы новаторлук, психологиялык чыгарма катарында көрсөтөт: «Майдан» – көп аспектүү, көп пландуу роман. Мындай сапат окуянын географиялык чөйрөсүнүн масштабдуулугуна, каармандардын көп сандуулугуна гана эмес, ал баарыдан мурда адам турмушунун концепциясын, адамдын жан-дүйнөсүн ачууга негизделген».

Романдын конкреттүү каармандары жөнүндө сөз жүргөндө ал «жан-дүйнөсү, психологиясы алда канча татаал, терең жана бай Качыкеге автор узак өмүр берип кеткендигин» канагаттануу менен белгилейт. Чынында да ошондой. Жазуучу бул романын жаратууга чоң профессионалдуу даярдык менен келип, өзүнүн табият берген бардык талантын, күчүн зарптап, сынчы айткандай, башкы каармандын өлбөс-өчпөс образын жаратып берген. Анын адамдык облигин, пенделик тагдырын түшүнүүгө Чынаркан абдан жардам берет. Мындай митайым, жеткен өзүмчүл, экинчи жагынан эрки бош эркекти өзүнө тарткан ажарлуу, кылыктуу аялдын образы көркөм адабиятта көп эле жаралган. Алардан айырмаланып, ал Качыке менен бир бүтүндүктө каралганда гана оригиналдуу эстен кеткис болуп чыга келет.

«Майданда» бул экөөнөн башка да офицер Кыдырбек менен студентка Берметтин романтикалуу да, реализмдин ачык түстүү боектору да сүртүлгөн жандуу образдары түзүлгөн.

Демек, аталган төрт каармандын ар биринин өзүнчө өмүр тагдыры бар оригиналдуу типтер, ошону менен бирге алардын жекече адамдык, пенделик мүнөз-сапаттары ачык тартылып берилген.

[1] Адабий айкаш, 92–93-беттер

[2] Ошол китепте, 92-бет

[3] Кыргызстан маданияты. 1969. 12. 19-ноябрь

Биз жогоруда келтирген К.Асаналиевдин романга, анын башкы каарманы Качыкеге берген мүнөздөмөсү Ч.Айтматовдун баасы менен окшоштугу – бул «Майдандын» кыргыз адабиятындагы бирден-бир психологиялуу роман экендигин дагы бир жолу аныктайт. Ал мындай деп жазган экен: «Элдик турмушту, андагы болуп жаткан олуттуу коомдук процесстерди жана адамдардын «микродүйнөсүн» укмуштуудай жөнөкөйлүк, табигыйлык жана ачык айкындык менен сүрөттөп көрсөткөн чыныгы новатордук чыгарма»[1].

### § 7. Сын жана сынчылар жөнүндө

«Сынчылык талант – сейрек талант» деген учкул сөз бар. Сын көркөм сөз өнөрүнүн өтө татаал жанрларынын бири, анткени, анын объектиси чыгарма жараткан инсандар. Демек, сынчы кандай болгон күндө да тигил же бул автор тууралуу сөз салып, анын ийгиликтерине кубанып, кемчилдиктерин сынга алууга туура келет. Анан ал контратакага дуушарланат, себеби, анын койгон аргументтери менен талаптары, жалпы эле позициясы экинчи тарапка жакпай калат. «Сынчынын сыңар өтүгү майрык», «өздөрү акын боло албагандар сынчы болот» дешет алар. Мына, мисалы, К.Асаналиев «Жакшы ыр чачылып жатпас»[2] деп М.Жангазиевдин поэзиялык касиети жок халтуралык ырларын сындап чыкты эле, Н.Байтемиров өз кесиптешин коргоп, сынчыга чабуул жасайт. Ал «Сынбы, же кыжырданууубу?»[3] деп, К.Асаналиевге карата суроо коет. Ооба, сындын касиети мына ошондой. Чучукка жеткен сөздөр менен жүрөктөн чыгып, жүрөктү козгогон поэзиянын ыйыктыгын, кол тийгистигин коргоо, антпесе, эки сапты уйкаштыра коюп, аны ыр деп газета беттерине жарыялай салып, анын баркын кетиргендер жайнап кетпейби?! «Жакшы ыр жерде чачылып жатпайт», – дейт Асаналиев, – аны акын жүрөк менен жаратат. «Жакшы ыр жазсам, бутунан өөп жөнөтөм» дептир А.Осмонов. Ал эми М.Жангазиевдин ырларын бутунан эмес, бетинен өпкүң келбейт, анткени, ыраңы ошончолук суук, өзүнө тарта турган кудурети жок».

Мына ушул сынчы менен акындын кайым айтышуусунун өзү эле сындын эч кимге жакпас катаал да, татаал да жанр экендигин айгинелеп турат. К.Асаналиев өз өмүрүн ошондой оор кесипке арнаган республикага гана эмес, мурдагы Союзга да таанымал залкар профессионалдардын бири эле. Ал сынды өтө ыйык көркөм өнөр катары карайт да, ага бир катар талаптарды коет. Алардын эң башкысы деп төмөнкүлөрдү эсептейт:

1. Сын макаланы өзүнчө бүткөн чыгарма катарында кароо керек, б.а. ага тема коюудан тартып, композициялык курулушуна чейин ойлонуп, толгонуп, өз позициясын аныктап алууга тийиш.

2. Анын адилеттүү болуусу зарыл, анткени, комплиментардуу, көшөкөр сын адабий атмосфераны бузат.

---

[1] Советтик Кыргызстан, 1967, 1-декабрь
[2] Ленинчил жаш, 1958, 9-май
[3] Советтик Кыргызстан, 1958, 14-март



3. Сынчынын өз стили, жазуу манерасы, сөз менен иштөө маданияты калыптансын.

4. Ал жазуучу менен теңтайлашып, жарыша, мелдеше жүрүүгө, кезегинде андан ашып кетүүгө аракет кылууга тийиш.

Мына ушулардын бардыгы анын өз практикасында иштелип чыккан, далилденген талаптар.

К.Асаналиев адабий сындын макала жанрын, анын ичинен макала-полемика, макала-изилдөөлөрдү көп колдонгон[1].

Главада жүргүзүлгөн анализ обзордон көрүнүп тургандай, К.Асаналиев жарым кылымдан ашык мезгил бою адабиятчылык-изилдөөчүлүк менен сынчылык өнөрдү кош кабат ала жүрүп, татаал кесипте ал өзүнүн өчпөс изин калтырган залкар инсаныбыз.

Анын адабий-сынчылык ишмердигиндеги төмөндөгүдөй негизги багыттарды белгилөөгө болот:

1. Ленинград шаарындагы «Пушкин үйү» деп аталган орус адабияты институтунун аспирантурасында окуп, Д.С.Лихачев, Н.П.Алексеев, Б.В.Томашевский, А.С.Бушмин, Б.С.Мейлах өңдүү залкар окумуштуулардан таалим алган жаш жигит адабий сынчылык ишмердигин ийгиликтүү өөрчүтүүгө өбөлгө алган. Кандидаттык диссертациясын ошолор иштеген советте коргогон.

2. Илимдер академиясында алгачкы чыгармачылыгын «Манас» эпосунун кошмо вариантынын редколлегия мүчөсү катары баштап, «Сейтек» эпосу үчилтиктин бир бөлүгү экендигин далилдеген.

3. Молдо Кылыч, К.Тыныстанов проблемасы боюнча алгачкы кезде партиялык токтомдорго таянып, адашып жүрүп, кайра куруу башталган кезде жаңылыштыгын оңдоого жетишкен.

4. Социалисттик реализм методун Союз бар кезде жактаган, ал кулагандан кийин анын адресине карата кескин сын айтыла баштаган.

5. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын өмүр бою изилдеп, Айтматов таануу илимине зор салым кошкон.

6. Адабий процесске активдүү катышкан, полемикалуу, проблемалуу сын макалалары менен жалпы Союзга таанылган.

7. «Майдан» романына негизсиз чабуул башталганда аны коргоочулардын бири болгон.

8. Сынчылык татаал өнөрдү өмүр бою аркалап, анын ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, бул жанрдын өнүгүп-өсүшүнө салмактуу салым кошкон.

---

[1] К.Асаналиевдин адабий сын жөнүндөгү ойлору төмөнкү макалаларында берилген: «Сөздөн ишке»., «Сын - сөз өнөрү». Китепте: Өрдөн өргө.–Ф.:Кыргызстан, 1977., «Жаш сындын арымы» // Кыргызстан маданияты, 1980, 17-январь

**К.Асаналиевдин постсоветтик мезгилдеги адабий-сынчылдык көз караштары** – 3 главанын мазмунун түзүп, ал эки параграфтан турат.

***§ 1. Касым-Бек постсоветтик мезгилде. «Келкел», «Баскын», «Чапкын» романдары***

Бул учурда ал мурдагыдай эле дем-күч менен ар бир макаласын тема коюудан тартып, композициялык курулушуна чейин дыкат уюштуруп, теория жагын абдан бышыктап жазып келди. Ал көбүнесе мезгилдин актуалдуу проблемаларына жана Ч.Айтматов, Т.Касымбеков, С.Эралиев сыяктуу эң көрүнүктүү инсандардын чыгармачылыктарына кайрылат.

***§ 2. К.Асаналиевдин постсоветтик эмгектериндеги негизги проблематикалар***

Мында төмөндөгүлөрдөй маселелер козголот.

- «Айтматовдун эпосу жана театр»[1];
- «Бийлик жана Осмонов»[2];
- «Не Шекспир главное, а примечание, к нему»[3];
- «Социалисттик реализм доорунан кийин. 2-макала. Комфорт же панегрик мактоонун поэтикасы»[4];
- Лирикадагы лирик[5];

К.Асаналиев «Адам тагдыры жана лирика» аттуу макаласында карыя акын С.Эралиевге кайрылып, «ылайым кыргыздын улуу лиригинин оту өчпөсүн, энергиясы коробосун» деп ак тилегин айткан эле, бирок, ошол С.Эралиев сыяктуу алдуу-күчтүү, чыгармачылык энергиясы эч бөксөрбөгөн улуу сынчыбыз капысынан эле бул турмуш менен коштошуп жүрүп кетти. Кандай өкүнүчтүү! Биздин каниет кылганыбыз анын артында калган том-том илимий жана сынчылык эмгектери. Кийинки муундар ошого канагат кылып, анын мурастарын дагы да ар тараптан тереңдетип изилдөөгө киришет деген ишнимдебиз.

**Жалпы корутунду**

1. К.Асаналиев адабиятчылык менен сынчылыкты удаалаш баштап, өмүр бою «эки тизгин бир чылбырды» колдон чыгарбай, ийгиликтүү эмгектенип келди. Ал экөө тең ал үчүн «учууга эки канаттай» (өзүнүн сөзү), бирин экинчисинен кем санаого мүмкүн эмес.

2. Окумуштуу жана сынчы бул эки адабий түрдүн бардык жанрында жазып келди, б.а. «Манастан» тартып, азыркы залкарлардын көбүнө дээрлик макалаларын арнады. Айрыкча Айтматов таануу илимине кошкон салымы өлчөмсүз чоң.

---

[1] Асаналиев К. Эпос Айтматова и мировой театр // Слово Кыргызстана. 2004, 24-июнь
[2] Бийлик жана Осмонов. // Кут билим, 1997, 30-декабрь
[3] Ю.Бондаревге жооп. Не Шекспир главное, а примечание, к нему. // Эркин-Тоо, 1995, 7-октябрь
[4] Кут билим, 1996, 5-декабрь, №27
[5] Асаналиев А. Адам тагдыры жана лирика (С.Эралиевдин портретине). // Кыргызстан маданияты,2003, июнь,№5



3. К.Асаналиев өзүнчө илимий жана сынчылык стили бар чыгармачыл инсан эле. Анын ар бир жазган макаласы теориялык ойлор менен коштолуп, аргументтери жылчыксыз бекемделип, окуган адамды өзүнө тартып турган. Ал эми эмоциялуулук менен публицистикалуулук анын бардык сын, кезегинде илимий эмгектерине да мүнөздүү деп айтсак болот.

4. Пенде катары Асаналиевдин чыгармачылыгында оош-кыйыштар да болгон. Объективдүү жана субъективдүү шарттарга байланышкан ал мүчүлүштүктөрдү доор алмашкан кезде (бул айрыкча «мураска» тиешелүү) жолго кое алды. Бирок, бул анын адабий жана сынчылык ишмердигинде талаштуу маселелер жок дегендикке жатпайт. Өзгөчө социалисттик реализм проблемасы боюнча окумуштуулар арасында кайчы пикирлер жашап келүүдө. Кээ бир макалаларында ал айрым калемдеш жазуучуларга өтө эле катаал мамиле жасап койгону байкалат.

**Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөндөгү публикацияларында чагылдырылган:**


1. Жаңыбаева М. К.Асаналиев жана мурас маселеси. // Эл агартуу.-Б.: 2000.- № 5-6.- 48-53-бб.
2. Жаңыбаева М. К.Асаналиевдин изилдөөчүлүк ишмердиги (Башталуу жана төшөлүү). // Социальные и гуманитарные науки. –Б.: Технология, 2000, № 1-2.- 76-80-бб.
3. Жаңыбаева М., Садыков А. Окумуштуу жана сынчы К.Асаналиевдин социалисттик реализмге мамилеси (кечээ жана бүгүн). Социальные и гуманитарные науки. –Б.: Технология, 2000, № 1-2. - 84-87-бб.
4. Жаңыбаева М. К.Асаналиев көрүнүктүү Айтматов таануучу. Китепте: Көркөм адабиятыбыздын айрым проблемалары. –Б.: КУУ, 2001, 247-263-бб.
5. Жаңыбаева М. К.Асаналиевдин 70-80-жылдардагы илимпоздук жана сынчылык өнөрүнүн жаңы горизонттору. // КУУнун «Жарчысы». –Б.:2002.-№3-4, серия 1, 166-169-бб.
6. Жаңыбаева М., Садыков А. «Майдан» романы Кеңешбек Асаналиевдин баалоосунда. // КУУнун «Жарчысы». –Б.: КУУ, 2002.-№3-4, серия 1, 47-50-бб.
7. Жаңыбаева М. Сынчылык талант – сейрек талант (К.Асаналиев сын жана сынчылар жөнүндө). Китепте: К.К.Сартбаев – окумуштуу жана педагог. –Б.: Бийиктик, 2002.173-177-бб.
8. К.Асаналиев. Био-библиографиялык көрсөткүч (түзгөндөр М.Жаңыбаева, А.Садыков). –Б.: Турар, 2003
9. Садыков А., Жаңыбаева М. Кыргыз адабий сынынын тарыхынын очерки. –Б.: Технология, 2001
10. Садыков А., Жаңыбаева М. Кеңешбек Асаналиев (илимий очерк). –Б.: 2003

Жаңыбаева Майрамкүл Абыкеевнанын 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кеңешбек Асаналиев – адабият теоретиги жана сынчысы» аттуу диссертациялык ишинин

## РЕЗЮМЕСИ

**Өзөктүү сөздөр**: Адабий сын, сынчы, адабият таануу, адабиятчы, башталуу, төшөлүү, адабий мурас, социалисттик реализм, полемикалык макала, дискуссия.

Кыргыз адабий сынынын жана адабият таануусунун классиги К.Асаналиевдин чыгармачылыгы узак мезгилди – XX кылымдын 50-жылдарынан XXI кылымдын биринчи он жылдыгын кучагына алат. Бирок, акыркы мезгилге чейин ал атайын изилдөөнүн предметине айланбай келди. Диссертацияда К.Асаналиевдин адабий сын макалалары (анын саны - 70) жана илимий эмгектери (анын саны - 18), адабий-теориялык планда талдоого алынды. Диссертациянын темасынын жаңылыгы жана актуалдуулугу мына ушул жагдай менен түшүндүрүлөт.

Эмгектин киришүүсүндө алынган теманы изилдөөнүн максаты жана милдети аныкталган. Биринчи главада согуштан кийинки мезгилдеги адабий сындын ал-абалы, андагы айрым оош-кыйыштар тууралуу сөз жүрөт.

Экинчи негизги главасы «К.Асаналиевдин адабий жана сынчылык ишмердиги» деп аталып, анда төмөндөгүдөй маселелер каралат: Илимий ишмердигин башталышы жана төшөлүшү, сынчылык алгачкы кадамдар, мураска жана социалисттик реализмге мамиле, 70–80-жылдардагы полмикалуу жана проблемалуу макалалары, Айтматов таануу илимине кошкон салымы, «Майдан» романын коргоодогу ролу, сын жана сынчыларга көз карашы.

Үчүнчү глава К.Асаналиевдин постсоветтик мезгилдеги чыгармачылыгына арналып, ошол учурда жазган макалалары менен монографиялык эмгектерине талдоо берилет.

Корутундуда К.Асаналиевдин кыргыз адабий сынына жана адабият таануусуна кошкон өлчөмсүз чоң салымы тууралуу айтылат.

## РЕЗЮМЕ

Диссертационной работы Жаныбаевой Майрамкуль Абыкеевны на соискание ученой степени кандидата филологических наук на тему: «Кенешбек Асаналиев – теоретик литературы и критик» по специальности 10.01.01 – кыргызская литература

**Ключевые слова**: Литературная критика, критик, литературоведение, литературовед, становление, развитие, творческое наследие, социалистический реализм, полемика, дискуссия.

Творчество классика кыргызской литературной критики и литературоведения К.Асаналиева охватывает период с первой половины 50-х годов XX в до первого десятилетия XXI в. Однако до последнего времени оно не являлось предметом специального исследования. В диссертации впервые предпринимается попытка дать научно-теоретический анализ его критических статей (более 70 публикаций) и литературоведческих работ (18). В этом и заключается актуальность и новизна научной работы.

Во введении обосновывается актуальность темы, определяются цели и задачи диссертации. Первая глава посвящена обзору состояния литературно-критической мысли послевоенных лет до 1960 года.

Вторая, центральная глава, – «Литературно-критическая деятельность К. Асаналиева» – состоит из 7 параграфов, которые посвящены рассмотрению тех или иных проблем, затронутых в работах критика: началу его творческой деятельности, первым шагам в литературной критике, его отношению к наследию, методу социалистического реализма, вкладу Асаналиева в становление айтматоведения, участию в литературных дискуссиях и т. д.

Постсоветский период для К. Асаналиева также был плодотворным. Начиная с 1990-х годов и до его кончины, им были написаны 20 статьей научно-теоретического и публицистического характера, а также две монографии. Об этом речь идет в третьей главе.

В заключении даются краткие выводы. В частности, о неоценимом вкладе Асаналиева в развитие и становление кыргызской литературной критики и литературоведения.

## RESUME

of candidate dissertation on the theme “Keneshbek Asanaliev. Literary theorist and critic” by Janybaeva Mairamkul Abykeevna 10.01.01 – Kyrgyz literature

**Keywords:** literary critics, critic, literary criticism, literary critic, coming into being development, creative heritage, socialist realism, polemics, discussion.

Literary works of Kyrgyz literary criticism classicist K. Asanaliev are taken in the period from the fifties of XX century to the first ten-year of XXI century. But by this time it has not been the field of special research.

The first attempt to give scientific and theoretical analysis of his critical articles (more than 70) and works of literary criticism (18) has been made in the dissertation. Topicality and newness lie in this scientific research.

Topicality of the theme, aims and goals of the dissertation are based in Introduction. The first chapter is devoted to the review of literary and critical situation of the period after the war and up to 1960 year.

The main second chapter called “Literary and critical activity of K. Asanaliev” consists of seven paragraphs, which are devoted to consideration of some problems in his works: beginning of his creative activity, the first steps in literary criticism, his attitude to heritage, the method of socialist realism, Asanaliev’s contribution to “Aitmatov’s works research” development, participation in literary discussions etc.

The period after the war for Asanaliev was fruitful as well. Beginning from 1990th till his death, he wrote 20 scientific and theoretical, publicistic articles and 2 monographs. All these are covered in the third chapter.

Brief conclusion has been given in the conclusion. About Asanaliev’s contribution to the history of Kyrgyz literary criticism in particular.